# Арууке китепке кандайча кызыгып калды?



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Арууке китепке кандайча
# кызыгып калды?

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Аруукe китепке кандайча кызыгып калды?" (кыргыз тилинде),
автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Арууке менен Айпери – жакшы курбулар. Арууке китептерди чогулта берет, бирок көп окубайт. Ал китеп окуганга караганда смартфон чукулаганды жакшы көрөт.



Айпери болсо китепти көп окуйт. Анткени Айперинин атасы да, апасы да китепти жакшы көрүшөт. Алар күндө китеп окушат.



Бир күнү Аруукенин үйүнө Айпери келип калды. Жерде жаткан китепти көрүп:

– Ай-иий, Арууке, сонун китебиң бар турбайбы? Муну кайдан алгансың? – деди китепти барактап жатып.

– Атам белек кылган.


– Окуп чыктың беле?

– Жок. Убактым жете элек.

– Мен дароо окумакмын. Сонун ырлар, табышмактар бар турбайбы, – деди Айпери китепти барактап.

– Чын элеби?

– Ооба. Кел, экөөбүз чогуу окуп көрөлү. Азыр мен сага табышмак айтам. А сен анын жандырмагын таап көрчү.



Кайталасаң ак түстү,

Шуру болуп кубулат.

Эки жолу “бул” десең,

Чымчык болуп угулат.

Эки ирет “дул” десең,

Арыбас тулпар туюлат.

Арууке көпкө ойлонуп, жандырмагын таппай койду.

– А сен өзүн билесиңби? – деп сурады Айпериден.


– Ооба. Мен ошол замат эле таап алгам, – деди Айпери сыймыктана. Биринчиси, “ак” деген түстү эки кайталасаң – “ак-ак”. Демек, *акак* болот экен.



Экинчиси – *булбул*. Эки жолу бул деп кайталасаң, булбул деген ырчы чымчык болот.



Үчүнчүсү, эки ирет “дул-дул” деп айтсаң, арыбас тулпар *дулдул* болот.



– Кел эми, жаңылмач айтышалы. Мен, адегенде, жай айтам, андан кийин бат-баттан айтам. А сен менин айтканымды жаңылбай кайталап беришиң керек, – деди Айпери.

– Макул. Аракет кылайын.

– Суу боюнда дарак өсөт,

Сууну дайым карап өсөт.

Сулуу чачын тарап өсөт.

Суусуз калса араң өсөт.

Арууке бир нече ирет аракет кылды. Бирок улам жаңылып калып жатты. Анан ал Айпериден:

– Сен булардын баарын кайдан үйрөнүп алгансың? – деп сурады.

– Мен китепти көп окуйм. Атам менен апам сатып берген китептердин баарын окуп чыккам. Кызыктуу жомокторду да окугам. Кааласаң, айтып берейин.



– Мен да сага окшоп көп табышмактарды, жанылмачтарды билгим келет.

– Абдан сонун! Кел анда, бирге китеп окуйлу!

– Макул, чогуу окуйлу!

Экөө китеп окууга киришти.

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли